**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2026, 296-306

**УДК: 94(575.2)"1917/1991"**
**DOI:** 10.52754/16948653_2026_1_28

# КАРА-КУЛЖА РАЙОНУНУН КЕҢЕШ ДООРУНДАГЫ ТАРЫХЫНА САРЕСЕП

ИСТОРИЯ КАРА-КУЛЬДЖИНСКОГО РАЙОНА В СОВЕТСКИЙ ПЕРИОД

THE HISTORY OF THE KARA-KULJA DISTRICT DURING THE SOVIET PERIOD

**Пинанова Г.**
*Пинанова Г.*
*Pinanova G.*

**магистрант , Ош мамлекеттик университети**
*магистрант , Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*

# КАРА-КУЛЖА РАЙОНУНУН КЕҢЕШ ДООРУНДАГЫ ТАРЫХЫНА САРЕСЕП

**Аннотация**

Макалада Кара-Кулжа районунун тарыхын чагылдырууга аркет болот.майрам, Анткени ал азыркы кыргыз мамлекетинин стратегиялык маниге ээ, улуу Кытай мамлекети менен чектеш турган тоолуу ра¬йон. Кара-Кулжа өрөөнү өзүнүн тарыхый-географиялык ээлеген ордуна жараша тээ байыртадан эле ошол кездеги адамдардын жашоо тиричилигине ыңгайлуу шарты бар, байыркы адамдардын мекени болгону талашсыз. Кара-Кулжа өрөөнүндө байыртадан эле мал чарбачылыгы менен катар эле отурукташкан элдер дыйкан¬чы¬лыкты, кол өнөрчүлүктү кесип кылганы маалым. «Алтын доор» аталган Караханиддердин мамлеке¬тин¬ин, андан кийинки Чынгыз хандын мураскорлорунун, Кокон хандыгынын, Орус империясынын социалдык-экономикалык, согуш¬тук, саясий карым-катнаштарынан Кара-Кулжа өрөөнү четте калган эмес. Районубуз Кеңеш доорунда өсүп-өнүккөн. Айрыкча Кеңеш доорундагы Ош уездинин, округунун, кантонунун курамында болуп, өнүгүүгө багыт алып, 1937-жылы 23-мартта Совет району болуп, Ош облусунун курамында өз алдынча администрациялык-аймактык биримдик болуп түзүлгөн. Бүгүнкү күндө, кайрадан Кара-Кулжа району катары маалым.

***Ачкыч сөздөр:*** Кара-Кулжа, өрөөн, район, чыгаан инсандар, айылдар, аймактар, админис-тративдик-аймак, калкы

## *ИСТОРИЯ КАРА-КУЛЬДЖИНСКОГО РАЙОНА В СОВЕТСКИЙ ПЕРИОД*

**Аннотация**

В статье предпринята попытка осветить историю Кара-Кульджинского района, поскольку он имеет стратегическое значение для современного Кыргызского государства и является горным районом, граничащим с Великим Китайским государством. Кара-Кульджинская долина, исходя из своего историко-географического положения, с древнейших времен обладала благоприятными условиями для жизнедеятельности людей и, несомненно, являлась местом обитания древнего населения.

Известно, что в Кара-Кульджинской долине наряду с животноводством с древних времен развивались земледелие и ремесленное производство у оседлого населения. Кара-Кульджинская долина не оставалась в стороне от социально-экономических, военных и политических процессов таких государств, как Караханидское государство («Золотой век»), государство наследников Чингисхана, Кокандское ханство и Российская империя.

Район получил значительное развитие в советский период. В частности, находясь в составе Ошского уезда, округа и кантона, он был ориентирован на развитие и 23 марта 1937 года был образован как Советский район, став самостоятельной административно-территориальной единицей в составе Ошской области. В настоящее время район вновь известен под названием Кара-Кульджинский район..

***Ключевые слова:*** Кара-Кульджа, долина, район, выдающиеся личности, сёла, территории, административно-территориальная единица, население

## *THE HISTORY OF THE KARA-KULJA DISTRICT DURING THE SOVIET PERIOD*

**Abstract**

The article attempts to highlight the history of the Kara-Kulja District, as it holds strategic importance for the modern Kyrgyz state and is a mountainous region bordering the Great Chinese state. Due to its historical and geographical location, the Kara-Kulja Valley has, since ancient times, provided favorable conditions for human life and undoubtedly served as a homeland for ancient populations.

It is well known that alongside animal husbandry, sedentary communities in the Kara-Kulja Valley have long been engaged in agriculture and handicrafts. The valley did not remain isolated from the socio-economic, military, and political processes of the Karakhanid State (the so-called “Golden Age”), the successors of Genghis Khan, the Kokand Khanate, and the Russian Empire.

The district experienced significant growth during the Soviet period. In particular, being part of the Osh uyezd, okrug, and canton, it followed a development-oriented trajectory, and on March 23, 1937, it was established as Sovetsky District, becoming an independent administrative-territorial unit within Osh Region. Today, it is once again known as the Kara-Kulja District.

***Keywords:*** Kara-Kulja, valley, district, prominent figures, villages, territories, administrative-territorial unit, population

**Киришүү**

Кара-Кулжа өрөөнү тарыхый-географиялык жайгашкан орду боюнча  азыркы Кыргыз Республикасынын Ош областынын чыгыш тарабындагы эң четки, чоң административдик-аймактык биримдик, чек ара аймагындагы район катары маалым. Учурда Кара-Кулжа району түндүк чыгышынан Нарын областы, түштүк-чыгышынан Кытай Эл Республикасы, түштүк-батышынан Алай, түндүк батышынан Өзгөн райо-ну менен чектешкен чоң район. Аянты 5,7 миң км.$^2$ калкынын саны Кеңеш доорунда 88,9 миң адам (Энциклопедия, 2013, Б.3-271), эгемендүүлүк жылдары 99536 адамга жетти (https://ky.wikipedia.org/wiki).

Аталган район айтылуу Кара-Кулжа, Тар дарыяларынын ортосунан жана алардын эки жак бассейнинен орун алып, эң бийик жери деңиз деңгээлинен 4900 метр бийиктикте, жапызы 780 метрде жайгашкан. Райондун аймагында Фергана тоо кыркаларынын чыгыш тармагы - Үч Сейит, Тасыракай, академик Адышев, Алайкуу кырка тоолору, алардын катмарында Эркеч, Саба-Жар, Туюк-Кайыңды, Көл-Кайыңды, Кыздар, Орто казык, Кичи казык, Чоң казык, Чакан-Таш, Кашкасуу, Алдаяр, Ашуу байрак сыяктуу ички тоолору, Алайкуу, Капчыгай, Чалма, Кара-Кулжа, Ажыке өрөөндөрү жайгашкан. Райондун аймагындагы ири дарыялар: Тар, Кара-Кулжа. Алардын куймалары: Кулун, Терек, Алайкуу, Акбогуз ж. б. Ири көлдөрү: Кулун, Көл-Кайынды. Райондун ар бир жер-суусунун, тоолорунун, өрөөндүү аймактарынын өздөрүнө тиешелүү, ар түрдүү окуяларга бай тарыхы бар.

Кара-Кулжа өрөөнү өзүнүн тарыхый-географиялык ээлеген ордуна жараша тээ байыртадан эле ошол кездеги адамдардын жашоо тиричилигине ыңгайлуу шарты бар, байыркы адамдардын мекени болгону талашсыз. Аталган өрөөн көбүрөөк малчылыкка, азыраак дыйканчылыкка шарты болгондугу менен айырмаланат. Малчылыкка көбүрөөк ыңгайлуу шарттуу болгон Кара-Кулжа районунун аймагы биздин өлкөбүздүн башка тоолуу аймактарындай эле тарыхый өнүгүүнүн баардык доорлорун басып өткөндүгү талашсыз. Дагы бир маселе, азыркы учурга чейин маалым, даңктуу болгон Өзгөн күрүчүнүн чыныгы мекени Өзгөн эмес, ошол Өзгөн шаарына жакын, болгону 2-3 чакырым алыстыкта турган Кара-Кулжа дарыясы менен Тар дарыясынын кошулушундагы **Учук** деген жер, андан аркы Тар дарыясынын эки жээктери байыркы мезгилдерден эле күрүчтүн мекени болгон (Абытов). Илгерки убактарда **«Кара-Кулжанын же Учуктун күрүчү экен, Өзгөндүн базарынан алдым»** - дечү экен адамдар. Бара-бара бир жагы көп сөздөн эринип, экинчи жагы кыска жооп берүү максатында Өзгөн күрүчү атына ооп кетишкен. Ошентип акырындык менен Кара-Кулжа күрүчүнүн даңкы Өзгөнгө ооп кеткен. Күрүчтөн башка - буудай, арпа, таруу сыяктуу дан эгиндер эгилген. Булардын баары мал чарбачылыкка кошумча кесип катары болгон.

Байыркы адамдардын издер жөнүндө кашкайган талашсыз малыматтарды байыркы таш, андан кийинки коло дооруна тиешелүү аска-таш сүрөттөрүндө кенен чагылдырылган. Мындай байыркы тарыхый эстеликтер, петроглифтер кадимки ***Кара-Кулжа*** жана ***Тар*** дарыясынын бойлорундагы аскалардан, ***Алай-Куу өрөөнүнөн***, ***Таштуу жайлоосунан, Ак зоодон***, ***Кара-жылга, Кара-Кочкор I, II, Сары-Булак I, II, Күнгөй Кара-Кулжа, Кырк-Күнгөй, Төө моюн*** табыланы маалым (Заднепровский, 1960, Б.29-31). Мындай оригиналдуу табылгалар, байыркы мезгилге таандык аска-таш сүрөттөрү элибиздин, жерибиздин тарыхый байлыгы, көөнөрбөс мурасы. Кара-Кулжа районунун чөлкөмүндө бир катар тарыхый эстеликтер байыркы Шоро-Башат, Чуст маданиятынан кабар берсе, кээ бир Тар дарыясынын төмөнкү агымдарынын боюнан табылган эстеликтер түрк, саманиддер жана караханийлер доорунан кабар кылат. Ал

эми жергиликтүү мектеп музейлеринде сакталып турган ар түрдүү үй эмеректери, эмгек жана согуштук куралдары, жасалгалар, түрдүү доорлордон кабар берсе, кийинчерээк XII - XIX кк. таандык болгон алтын, күмүш жана жез тыйындар кийинки социалдык-экономикалык, саясий жана маданий үлгүлөрдөн кабар кылат.

Кара-Кулжа өрөөнү коңшулаш чөлкөмдөрдүн жана өрөөндөрдүн тарыхындай эле негизги доорлорду басып өткөндүгү айкын:

***1. Байыркы сактар жана даван доору*** *(б.з.ч. V - IV кк. – б.з. IV-V кк.).*

***2. Түрк доору (****Түрк каганатынын, саманиддердин жана караханиддердин, андан кийинки чингизиддер доору да кирет, VI-XVI кк.).*

***3. Кыргыздардын күчтүү союзунун түзүлүшү, эл катары калыптанышы*** *(XV-XVI кк.)*

***4. Калмак доору*** *(XVII – XVIII кк.).*

**5*. Кокон хандыгынын доору*** *(XVIII к. - XIX к. 70-жж.).*

***6. Орус колониалдык мезгили*** *(XIX к. 70-жж. - XX к. башы).*

***7. Кеңеш доору*** *(1918 - 990-жж.).*

***8. Кара-Кулжа району Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк жана көз карандысыздык мезгилинде*** *(1990-2026-жж.)* (Абытов; Энциклопедия 2013, Б. 47-48).

Азыркы Кара-Кулжа районунда жашаган кыргыз элинин байыркы, орундуу жана омоктуу уруулары ***жору, баргы, бөрү, карабагыш*** сыяктуу түптүү уруулар дал ошол кыргыз элинин калыптануу процессинде оң канаттын негизги уруулары катары кыргыздардын эл катары калыптануусуна өз чоң салымын кошкон. Ошол Кара-Кулжалык уруулар кыргыздардын улуттук биригүүсүнө чакырык таштап, бириктирип, улуттук консолидацияга чоң өбөлгө түзгөн кадимки **Мухаммед Кыргыздын** көз жаздымында калуусу мүмкүн эмес. *Биринчиден,* оң канаттын түптүү уруулары. *Экинчиден,* аталан уруулар Кытай менен чектеш жайгашкан, кыргыз жеринин, элинин бир жак чек арасында жайгашкан. *Үчүнчүдөн,* ошол кездеги тарыхый-саясий аренада аталган уруулардын өз орду, тарыхый вазыйпасы таасын болгон. Мухаммед Кыргыздын дагы бир өзгөчөлүгү, ал кыргыз элин бириктирип күчтүү союз эле түзбөстөн, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө аракет кылган. Ал кыргыз элин эл кылып, жерин жер кылып, четки коңшулаш мамлекеттер менен кыргыздардын чегин, ээлеген аймагын тактап, зор иштерди алып барганы кашкайган чындык. Анткенибиз дал ошол кездерде эле кыргыздардын урунтуктуу, түптүү жана күчтүү уруулары болгон ***бөрү, жору, баргы***, ***теңизбай, тоготой*** жана ***таздар*** сыяктуу уруулар мекендеген Кара-Кулжа өрөөнү, Кытай менен түздөн-түз чектеш Алайкуу чөлкөмү жөнүндө кабары болгон эмес деген чындыкка туура келбесе керек. Азыркы учурдагы Кытайга чектеш аймак, чек ара маселесинин башаты ошол мезгилдерге барып такалаары талашсыз көрүнүш (Энциклопедия, 2013, Б. 17-58).

Кара-Кулжадан чыккан чыгаан инсандар өз элин коргоп, жерин сактап, Кытайдын амбициялуу баскынчылык саясатына, гүлдөгөн кыргыз жерине көз арткан кытай бийликтерин, басып кирүүгө болгон амбициясына жол бербей, Алайку өрөөнүнө, ал аркылуу бүткүл Кара-Кулжа жерине киргизбей, кыргыз элинин, жеринин бүтүндүгүн сактаган бир топ жергиликтүү төбөлдөрдүн эмгеги зор экенин эстен чыгарбоо керек. Мисалы, XVI-XIX кылымдарда өз элине

зор кызмат кылган мындай инсандардын катарында ***Жору, Баргы, Бөрү, Теңизбай, Тоготой, Полот бий, Шалтак, Калма-тай, Булаш, Бакы, Борколдой, Атантай, Улар бий, Жапар бий, Кутулмуш бий, Араке, Түлөке, Таздар, Тасма, Эшей, Тайтың, Койсары, Саты уулу, Жалчыман, Орчун, Коңурат, Биймырза ж.б.*** (Абытов, 2017-ж.; Бөтөнөев Ж.С.).

Ошол эле XIX к. экинчи жарымында - XX к. башында Кара-Кулжа жеринен бир катар сөз өнөрүн аздектеген, сөздүн керемет күчүнө таазим этип, ыр жараткан, өзү жашаган аймакта кеңири белгилүү төкмө ырчы жана алгачкы жазгыч акын – **Молдо Кайып Козубай уулу** чыккан. Элдин айтымында Курманжан датканын «Беш болушун», Абдылдабектин арманын, Камчыбек дарга асылганда кошок арманын ырдаган дал ушул **Молдо Кайып** акын болгон. Айрым маалыматтарга таянсак анын калтырган кыргыз элинин санжырасы Кара-Кулжа районундагы 1-май айлынын жашоочусунун үйүндө, экинчи бир маалыматта Молдо Кайыптын колунан жаралган, торпоктун терисине жазылган кыргыз санжырасы бүгүнкү күнгө чейин Кара-Кулжа районунун Кара-Гуз айыл окургунда жашаган урпагынын сактоосунда турат.

Биздин элдин дагы бир сыймыгы Алайкуулук кыякчы **Чалырдын,** Ажыкелик **Тойчунун** ысымы бар экендигин баса белгилөө абзел. XIX кылымдын экинчи жарымында – XX кылымдын башында жашап, Кара-Кулжанын Токбай-Талаа аймагынан чыккан куудул **Кочкорбай Качыбек уулу** (1848 – 1914-жж.) биздин сыймыгыбыз. Ал сөзгө чебер чечен, комузда кол ойноткон жамакчы, ооз комузду сайраткан, мыкты куудул болгон. Кочкорбай куудул куйкум сөз, тамаша-жоруктары менен карапайым элдин көңүлүн эле жазбастан, аларды алдап, акысын, доосун бербеген бай-манаптарды чыркыратып сөзгө жыгып, келекелеп, элдин мүдөөсүн актаган, бизде эле эмес башка чөлкөмдөрдө да таанымал болгон (Мезгил үнү, 2017).

Кеңеш доорунун алгачкы администрациялык-аймактык бөлүштүрүүсүндө азыркы Кара-Кулжа району 1924-ж. Джалал-Абад округунун **Ош уездинин Ак-Жар, Капчыгай, Алай-Гүлчө** болуштугунун курамына киргени тарыхта маалым. Ал кезде азыркы **Ак-Кыя, Кара-Кочкор, Тоготой** айыл округдары **Ак-Жар** болуштугуна (азыр Өзгөн районуна карайт) кирсе, **Ажике, Калинин, Алайкуу** өрөөндөрүнүн бир жагы **Алай-Гүлчө** болуштугунун курамына кирип калган. Ал эми Чалма айылынан жогорку аймак **Капчыгай** болуштугуна кирген.

Кара-Кыргыз Автономиялуу Облусунун Облревкомунун алгачкы кадамдарынын бири областын администрациялык аймактык биримдиктерин тактоо, кыргыз эли үчүн ыңгайлуу бөлүштүрүүнү табуу болгон. Буга күбө катары Облревкомдун президиумунун 8-13-декабрда болгон жыйындарынын атайын чечимин айтууга болот. Аталган чечимдерге ылайык 1924-ж. декабрь айынан баштап Кыргыз автономиялуу областынын баардык аймагы **4 округка**: **Джалал-Абад, Ош, Каракол-Нарын и Пишпек** округу деп бөлүнгөн. Мындай чечим 1924-ж. 13 декабрында ККАО Ревкомунун «ККАО убактылуу администрациялык бөлүштүрүү жөнүндөгү» Токтомуна ылайык чыгарылган. Ага ылайык «Ош округуна: **Ак-Жар,** Алай, Ак-Буура, **Гүлчө, Кап-чыгай, Кара-Таш,** Куршаб, Турук, Ноокат, Ош, Өзгөн, Яссы, Жоокесек-Бостон, Ичкилик, Найман, Чимион болуштуктары кирген». Демек бул жолу да азыркы Кара-Кулжа району мурдагыдай эле **Ак-Жар, Капчыгай, Алай-Гүлчө** болуштугунун курамында калып кеткен. Райондоштуруу жана аймактык администрациялык бөлүштүрүү маселесин караган СССР ББАК Президумунун атайын комиссиясы, 1925-ж. 27-майында, Т. Токбаевдин докладынан кийин төмөнкүдөй тыянак кылган: **«КАО төмөнкү округдарга бөлүнүшү**

**бекитилсин: 1. Пишпек округу борбору Пишпек шаары; 2. Ош округу борбору Ош шаары; 3. Жалал-Абад округу борбору Жалал-Абад шаары; 4. Кара-Кол округу борбору Кара-Кол шаары».** Демек Москванын колдоосуна ээ болгон жаңы райондоштуруунун натыйжасында **Кара-Кулжа** чөлкөмүнүн негизги бөлүгү **Ош округунун Капчыгай,** бир аз бөлүгү **Өзгөн, Гүлчө болуштугуна** карап калган (Мамбеталиев, 1924; Вопросы истории Кыргызстана: научная статья, 2013, Б.41-51; Абытов, 2024, Б. 58-62).

1926-ж. июнь айында ББАК Президиуму кеңешинде **«Кыргыз Автономиялуу областын административдык бөлүштүрүү»** жөнүндөгү токтомуна ылайык, мурдагы 4 округ, 72 болуштуктун ордуна 7 кантон түзүлгөн: «1.Фрунзе кантону борбору Фрунзе шаары; 2. Чүй кантону борбору Фрунзе шаары; 3. Талас кантону борбору Алексанров селосу; 4. Кара-Кол кантону борбору Каракол шаары; 5. Нарын кантону борбору Нарын шаары; 6. **Ош кантону** борбору Ош шаары, болуштуктар: Ош (борбору Ош шары), Ак-Бура (борбору эски Ош шаары), Куршаб (борбору Куршаб-Гузар селосу), **Өзгөн** (борбору Өзгөн шаары), **Капчыгай** (борбору **Сары-Булак** кыштагы), **Алай-Гүлчө** (борбору Гүлчө-Гузар селосу), Ноокат-Турук (борбору эски Ноокат), Ичкилик (борбору Кербен селосу), исфайрам (борбору Кара-Дөбө айылы), Көлдүн (борборуХалмион айылы), Баткен-Бужук (борбору Самаркандек айылы), (борбору Исфана айылы); 6. Жала-Абад кантону борбору Жала-абад шаары». Ошол бөлүнүүгө ылайык азыркы Кара-Кулжа районунун аймагы жана анда жашаган элдердин мурдагыдай эле негизги бөлүгү **Капчыгай** болуштугунун, чакан бөлүгү **Өзгөн**, азыраак аймагы **Алай-Гүлчө** болуштугунун эсебинен Ош кантонунун курамына кирген (Кыргызская государственность в XX веке (документы, история, комментарии), 2003, Б. 216-217).

1935-ж. 11-февралындагы Кыргыз АССР БАК Приезидиумунун атайын токтомуна ылайык Кыргызстанда 34 район түзүлгөндүгү бекитилген. Азыркы **Кара-Кулжа** районунун аймагы ошол бөлүштүрүүгө жараша **Өзгөн** жана **Алай-Гүлчө** райондорунун курамына кирип калган.

Кийин 1936-ж. Кыргыз АССРи Кыргыз ССРи болуп кайра түзүлгөн. 1937-жылы 23-мартта өткөн Кыргыз ССРинин Кеңештеринин кезексиз V курултайында бекитилген Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясынын «Мамлекеттик түзүлүш» бөлүгүнө ылайык Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасында 44 район түзүлгөн. Алар: Алай, Ала-Бука, Ак-Талаа, Араван, Ат-Башы, Балыкчы, **Совет** (азыркы Кара-Кулжа), **Өзгөн** ж.б. Белгилей кетчү жагдай, **биринчи жолу азыркы Кара-Кулжа районунун негизги бөлүгү Совет району болуп өз алдынча бөлүнүп** чыкканы менен, райондун бир катар четки айыл-кыштактары дагы эле Өзгөн районунун курамына кирип калган (мисалы, Кара-Кочкор, Сары-Булак, Октябрь, Киров, Жаңы талап ж.б.). Ошентсе да дал ошол **1937-ж. 23-мартта** биз алгачкы жолу **Совет** району деген ат менен өз алдынча административдык-аймактык биримдик болуп бөлүнүп чыктык.

1939-жылдын 21-ноябрында Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун **«Фрунзе, Ысык-Көл, Тянь-Шань, Жалал-Абад жана Ош областарын түзүү жөнүндөгү»** атайын токтомуна ылайык 5 област түзүлгөн. Алар: Фрунзе, Ысык-Көл, Тянь-Шань, Жалал-Абад жана **«5. Ош областтын борбору Ош шаары. Ош областынын курамына төмөнкү райондор кошулсун: Алай, Араван, Баткен, Гүлчө, Кара-Суу, Куршаб, Лейлек, Ноокат, Ош, Совет, Өзгөн, Халмион, Чоң-Алай».** Учурдагы Кара-Кулжа районунун негизги бөлүгү

Совет району болуп түзүлгөн (Абытов 2017; https://stat.gov.kg/ru/oshskaya-oblast; https://ru.wikipedia.org).

Советтер Союзунун баардык элдеринин тарыхына ташка тамга баскандай из калтырган мезгил экинчи дүйнөлүк согуштун негизги бөлүгү Улуу Ата Мекендик согуш жылдары. Маалым болгондой бул апаат согуштагы Улуу Жеңишке кыргыз эли, Кыргызстан жана анын ичинде Ош областынын, андагы Совет (азыркы Кара-Кулжа) районунун калкынын башкалар сыяктуу эле кошкон салымы зор жана баа жеткис.

Улуу Жеңишти бир жагынан ошол согуш талааларындагы каарман, эр жүрөк, тайманбас баатыр жоокерлер, экинчи жагынан тылдагы эмгекчилер, балдар, аялдар жана кары адамдар ошол согушка кеткен жигиттердин ордун басып, “Баардыгы фронт үчүн, баардыгы жеңиш үчүн” деген ураанынын алдында эмгектеги эрдиктери менен жеңишти камсыз кылышканы баарыбызга маалым. Кара-Кулжа районунан Улуу Ата-Мекендик согушка **беш минге** жакын жоокерлерин аттантып, алар баатырдык, каармандык менен согушушканы маалым. Тилекке каршы дээрлик көбү согуштан кайтпай калган. Мисалы, ***Кызыл-Жар*** айыл округунан **266** жоокер аттанып, алардын **189** фронттордон кайтпай калган. ***Чалма*** айыл округунан согушка **186** жоокер аттанып, алардын **109** фронттордон кайтпай калса, ***Кашка-Жол*** айыл округунан **209** жоокер аттанып, **139** кайтпай калган, ***Кара-Кочкор*** айыл округунан **51**, кайтпай калганы **37** (Абытов, 2015, Б.81-84).

Улуу Ата Мекендик согушта каармандык менен салгылашып, далай эрдиктерди көрсөтүп, өз эли-жерине аман келип, согуштан кийинки турмушта өз салымдарын кошкон ветерандарыбыз: *Абакиров Маамыт, Абдыразаков Сагынбай, Азимов Күчүкбай, Козуев Иса, Ормонов Камбар, Токтобаев Маамат, Осмонов Мойдун, Зикиров Тупан, Алишов Сатыбалды, Абдиев Сакен, Моңошов Андаш, Ысакбаев Ашим, Арзиев Ысак, Термечиков Сати, Чалказаков Батай, Култаев Жумабай, Иманбеков Бедел, Кулубаев Козу, Маматов Тойгонбай, Бердалиев Мырзаибраим, Баимбетов Нурдин, Умаров Усен, Тайчабаров Осмонали, Жолдошов Ыдырыс, Кожошов Усен, Абдраев Маматкадыр, Абдылдаев Курман, Каипкулов Апсатар, Жунусов калыкбек, Садырбаев Турдубай, Назаров Кадырали, Курмантаев Нажмидин, Токтосунов Асанбай, Алиев Токтогул, Кармышаков Жакып, Матиев Базарбай, Омуралиев Бакир* ж.б.

Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңишти тылдагы эмгекчилердин күжүрмөн эмгектери, фронтторго ар тараптуу жардамы камсыз кылганы да талашсыз. Улуу Ата Мекендик согуш кезинде Кыргызстан, анын ичинде Ош областы жана андагы Совет району фронтту тамак-аш, кийим кече ж.б. айыл, мал чарба, дыйканчылык продукциялары менен камсыз кылып турушкан. Кара-Кулжа эли фронтко тамак-аш, кийим-кече менен катар эле ар тараптуу башка жардамдарды да көрсөтүп келишкен. Тылдагы эмгекчилер фронтко өнөр жайдагы, талаалардагы, мал чарба фермаларындагы кайратман эмгектери менен гана жардам бербестен жеке каражаттары аркылуу да согуш техникаларын курууга жардам көрсөтүшкөнү маалым. Эмгекчи эл, карапайым калк фронт үчүн өздөрүнүн жеке баалуу буюмдарын, эмгек акысынын бир бөлүгүн, алтын, күмүштөрүн жөнөтүшкөн. 1941-ж. августта эл тарабынан 2.007 миң, сентябрда - 1.670 миң, октябрда – 1.579 миң сом чогулган. Жылдын аягында атайын фондуга 9.090 мин сом акча, 38,9 *кг* алтын жана күмүш, 16.117.000 сом мамлекеттик заемдун облигациясы чогулган (Абытов, 2015, Б.81-84).

1937-ж. бүгүнкү күнгө чейин Совет (азыркы Кара-Кулжа) районунун элинин атынан чыккан, эл жерине эмгеги сиңген *Кыргыз ССРинин* жана *СССР Жогорку Кеңешинин*

*депутаттары болгон биздин жердештерибиз: Кадырбаева Токтогул, Орозалиев Ташмамат, Нурбаев Мамат, Абакиров Мамыт, Исаев Беделбай, Батыров Мариш, Көкөев Саип, Зулуева Сайкал, Курманов Ысман, Абдылдаева Бабипа, Оморбекова Карагыз, Жапаров Итикул, Жансаев Курманали, Алмамбетов Кушубак, Абидинов Жумаш, Усенов Дарманбек, Аликанов Ырысбек, Эргешбаев Токон, Акылбекова Мыктаз, Оморбекова Карагыз, Табалдиева Жумабу, Тагайгулова Жанат, Термечикова Сурмакан, Ибраимов Абыт, Жээнбеков Сооронбай.*

Ошондой эле ошол 20-30-жылдардан баштап эгемендүүлүккө чейин эл жерине, областт, республикалык деңгээлде ар түрдүү кызмат орундарын ээлеп эмгеги сиңген, бир топ жогорку, жооптуу партиялык жана мамлекеттик кызматтарды аркалаган Кара-Кулжанын кулундары, эр-азамат чыгаандары да аз эмес. Алардын катарына төмөнкү министрлерди кошууга болот: **Нурбаев Мамат** – Кыргыз ССРинин социалдык камсыздоо министри; **Шерматов Закирбай** - Кыргыз ССРинин курулуш министри; **Токтосартов Акун** – Кыргыз Республикасынын маданият министри;

Кеңеш доорунун кезинде районду жетектеп, анын социалдык-экономикалык, маданий-массалык жана спорттун өнүгүүсүнө өзгөчө салымын кошкон райондун жетекчилерин атап кетүү абзел. Кыргызстан коммунисттик партиясынын Совет райондук комитетинин биринчи катчылары: *Клиндов Михаил Алексеевич - 1937-38-жж.; Машков Петр Николаевич - 1938-41-жж.; Крушенко Петр Михайлович - 1941-46-жж.; Фильшин Сергей Петрович - 1941-46-жж.; Юсупов Ажибек - 1948- 51-жж.; Нарматов Бакир - 1951-52-жж.; Таиров Ибраим - 1952-53-жж.; Конураев М. - 1953-55-жж.; Искендеров Т. - 1955-57-жж.; Асранкулов Б. - 1957-58-жж.; Сакебаев А. - 1958-61-жж.; Бейшенов Жапар - 1961-64-жж.; Дуйшеев Арстанбек . - 1964-68-жж.; Жапаров Бейше - 1968-69-жж.; Саматов Абдинаби - 1969-73-жж.; Базарбаев Кадыракун - 1973-79-жж.; Дыйканов Кеңеш - 1979-80-жж.; Жунусов Аман - 1980-85-жж.; Жаманкулов Канатбек - 1985-89-жж.; Мусаев Тайлакбай - 1989-91-жж.*

Совет райондук Аткаруу комитетинин, Кеңешинин 1937-жылдан 1990-ж. чейинки төрагалары: *Мамаев Кебек - 1937-39-жж.; Шерматов Закирбай - 1939-41-жж.; Кадырбаев Бөрүгул - 1942-43-жж.; Юнусов Раимжан - 1944-49-жж.; Сыдыков Абдимажин - 1950-51-жж.; Жаанбаев Сорбон - 1952-54-жж.; Асранкулов Бөрүбай – 1955-56-жж.; Орозов Насир - 1957-62-жж.; Дыйканов Кенеш - 1969-78жж.; Жунусов А. - 1978-79-жж.; Акимбаев Орозбек - 1980-82жж.; Жаманкулов К. - 1983-84-жж.; Акимбаев Орозбек – 1985-90-жж.* (Абытов, 2017).

Ошол эле мезгилдерде райондо 2 кесиптик-техникалык окуу жайы, **35** орто, 2 сегиз жылдык, **1** башталгыч, **1** музыкалык мектеп, **1** сүрөт өнөрканасы, **1** элдик театр, **1** райондук басмакана, **23** киноустановка, **3** оорукана, **1** поликлиника, **4** төрөт үйү, **28** фельдшердик-акушердик пункт, **2** амбулатория, **1** санитардык-эпидемиологиялык станция иштеп, калкка кызмат өтөп келген. Мындан башка 1941-ж. баштап райондук **«Коммунизм үчүн»**, азыркы **“Мезгил үнү”** газетасы чыгып келген. Кеңеш доорунда, өз алдынча район болуп бөлүнгөндөн кийин, Совет Кара-Кулжа районунун аймагында **Алайкуу** жана **Кара-Кулжа токой чарбасы** түзүлгөн. Райондун ичиндеги автожолдун узундугу **538 км**., анын ичнен **338** асфальтталган. Негизги багыттары: Кара-Кулжа – Кызыл-Жар, Кара-Кулжа – Сары-Булак – Гүлчө, Кара-Кулжа –Мырза-Аке-Өзгөн (Маалымттар райондук администрациядан алынды).

Баса Кара-кулжа элинин дагы бир башкалардан өзгөчөлүгү ошол эле Кеңеш доорунда деле дээрлик унут болуп бара жаткан ата-бабаларыбыздын салттуу ***өнөрлөрүн, ордо, улак***

***тартыш, эңиш, күрөш, кыз куумай*** сыяктуу оюндарын сактап, улантып келишкен. Ошол өнөрдү аркалап, элге жайылтып, унутурбай келген атактуу абаларыбыз бар. Алар: мүнүшкөрлөрүбүз *Бекмаматов Чопо, Зикиров Казакбай, Алишов Сатыбалды, Көбөнөв Бектемир, Бегиев Турдугул, Зулпукаров Көчкөнбай, Зикиров Эркинбай* ж.б. Саяпкерлерибиз - *Абдыкадыр Сатанов, Маша Кайыпов, Козубаев Замирбек.* Улакчыларыбыз: *Абдыкадыров Ташкул, Турганбаев Замирбек, Артыков Намазбек, Эргешбаев Мамарасул* ж.б.

**Райондун акын жазуучулары**: Жусуев Сооронбай, Ташбаев Кармышак, Тургунбай Эргешов, Кожогелди Култегин, Маркабай Аматов, Урниса Мамытова, Осмон Турдубаев, Курманалы Сарсеитов, Манап Алиев, Исматулла Парпиев, Орозбек Борбогулов. **Райондун обончулары:** Рысбай Абдыкадыров, Исрадин Аманбаев, Жеңишбек Шамшиев, Болот Токтобаев, Актилек Боконов, Ибраим Эсенбаев, Маматибраим Бостонкулов, Асылбек Одонов, Абазбек Абакиров, Маматибраим Бакиров.

1991-жылдан бери Кыргызстан СССРдин курамынан чыгып, өз алдынча эгемендүү жана көз карандысыз мамлекет болгондон тарып, мурдагы Совет району **Кара-Кулжа** району деп жерибиздин түпкү аталышын алып калган (Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык жана аймактык бирдиктердин объектилерин белгилөө тутумунун мамлекеттик классификатору, 2008-2025, Б.42-43). Кыргызстан өз алдынча эгемендүү республика болгондон тартып, мамлекеттин ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарды кайра түзүү үчүн бир нече жолу реформаларды иш жүзүнө ашырган. Анын ичинде мамлекеттик башкаруу системасын бир нече баскычтык: областык, райондук, айыл өкмөттүк деңгээлде бөлүштүрүлүп жергиликтүү өкмөттүк мекемелерди түзгөн. Албетте алардан биздин Кара-Кулжа району четте калганн эмес.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абытов, Б. К. (2013). Кара-Кулжа: Доорлор жана инсандар тарыхы. *Кара-Кулжа району: Энциклопедия* (47–48-бб.). Бишкек.
2. Абытов, Б. К. (2015). Кара-Кулжа району согуш мезгилинде: «Баардыгы фронт үчүн, баардыгы жеңиш үчүн!». *Известия вузов*, (5), 81–84.
3. Абытов, Б. К. (2017, May 19). Кут береке, ыйман берип элине, оомат келди Кара-Кулжа жерине. *Ош жаңырыгы*.
4. Абытов, Б. К. (2017, May 22). Кут береке, ыйман берип элине, оомат келди Кара-Кулжа жерине. *Мезгил үнү*.
5. Абытов, Б. К. (2024). *Кара-Кыргызская Автономная Область: Возрождение национальной государственности в эпоху советов* (58–62-бб.). Ош.
6. Абытов, Б. К. (n.d.). Легенды об узгенском рисе. *Вопросы востоковедения*. https://journal.oshsu.kg/index.php/orientalstudies/article/view/1882
7. Бөтөнөев, Ж. С. (n.d.). Унутта калган уулдар же эл эсиндеги элиталар. https://kghistory.akipress.org/unews/un_post:2389
8. Заднепровский, Ю. А. (1960). *Археологические памятники Южных районов Ошской области* (29–31-бб.). Фрунзе.
9. Кара-Кулжа району: Энциклопедия. (2013). Бишкек.

10. Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык жана аймактык бирдиктердин объектилерин белгилөө тутумунун мамлекеттик классификатору. (2008, 2025). Ош облусу (42–43-бб.). Бишкек.

11. Кыргызская государственность в XX веке: Документы, история, комментарии. (2003). Бишкек.

12. Мамбеталиев, У. З. (2013). Деятельность государственных органов по районированию в период образования ККАО (ноябрь–декабрь 1924 г.). *Вопросы истории Кыргызстана*, (1–2), 41–51.

13. Мезгил үнү. (2017, August 25).

14. Ошская область. (n.d.). *Википедия*. https://ru.wikipedia.org/wiki/Ошская_область

15. Өзгөн күрүчүнүн мекени Кара-Кулжа беле? Район тууралуу кызыктуу фактылар. (2021, July 2). *Sputnik Кыргызстан*. https://sputnik.kg/20210702/kara-kulzha-rajonu-tuuraluu-faktylar-1053077998.htm

16. Численность населения областей, районов, городов, поселков городского типа, айылных аймаков и айылов (сел) Кыргызской Республики (по данным айыл өкмөтү на начало 2020 г.). (2020). https://ky.wikipedia.org/wiki/Кара-Кулжа_району